# КЫРГЫЗ ТИЛИ

***4-категория (9-10-11-класстар)***

*Узактыгы: 60 мүнөт | Жалпы балл:*

## 1- Бөлүм: Лексика- Грамматика (35 тапшырма) **Аткаруу мөөнөтү:**

Тест окуучу сөздүн лексикалык- грамматикалык маанисин түшүнүүсүн текшерет. Жооптун 1 гана туура вариантын (а,б,в же г) тандагыла.

1.Мааниси жана грамматикакалык түзүлүшү боюнча өз ара байланышкан бир канча сүйлөм эмне деп аталат?

А)Кеп Б)Текст В)сүйлөм Г)Сөз

2. Сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүнөн кийин келет да, алардын маанисин тактап, толуктап жана ким? эмне? Экендигин билдирген ... деп аталат.

А) жардамчы мүчө В)көмөкчү мүчө

Б)түшүндүрмө мүчө Д)кошумча мүчө

3.Биз, жаштар, ата- бабаларыбыздын осуяттарын аткарууга аракеттенебиз.

Төмөнкү сүйлөмдөгү түшүндүрмө мүчөнү тапкыла

А)ата- бабаларыбыздын Б)осуяттарын В)биз Г)Жаштар

4.Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр канчага бөлүнөт?

А)4 Б)2 В)3 Г)5

5. Ойдун кимге багытталганын атап көрсөтүүчү сөз ... сөз деп аталат.

А)каратма Б)жөнөкөй В)татаал Г)сырдык

6. Албетте, менин бул эмгегим биздин айылдын биринчи мугалими Дүйшөн аксакалга арналат.

Берилген сүйлөмдөн киринди сөздү тап?

А)аксакалга Б)айылдын В)албетте Г)эмгегим

7. Айтылып жаткан ойдогу ички сезимдерди билдирген сөздү белгиле?

А)каратма сөз Б)киринди сөз В)жөнөкөй сөз

Г)сырдык сөз

8. Ботом, айылдан качан келдиң эле?

Төмөнкү сүйлөмдөгү сырдык сөздөрду белгилегиле?

А)качан Б)ботом В)айылдан Г)келдиң эле

9. Атоочтук мүчөлөрду тапкыла?

А)-ган,-ар,-оочу,-уучу В)-лар,-чы,-лап,-ар

Б)-ып,-ган,-лар,-оо Г)-уу,-лап,-ып,-лар

10.-ып,-а,-ганча,- гыча ж.б. мүчөлөр менен аяктаган сөз тизмеги ... түрмөк деп аталат.

А)атоочтук Б)этиштик В)сырдык Г)чакчыл

11.Жөнөкөй сүйлөм жана татаал сүйлөм бири биринен кандай түзүлүшү боюнча айырмаланат?

А)синтаксистик В)грамматикалык

Б)морфологиялык Г)орфографиялык

12.Сүйлөм айтылыш максатына карай канчага бөлүнөт?

А)4 Б)3 В)5 Г)2

13.Татаал сүйлөм кандай болуп бөлүнөт?

А)татаал жана жөнөкөй Б)багыныңкы жана жөнөкөй

В)баш жана багыныңкы Г) Баш жана жөнөкөй

14.Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосундагы маанилик катыштар?

А) тең маанилеш, мезгилдеш, каршылаш,себеп-натыйжалаш,чечмелөө

Б) тең маанилеш, каршылаш, максат, себер, чечмелөө

В)мезгилдеш, каршылаш, максат, орун, чечмелөө

Г)каршылаш, максат, сын-сыпат, себеп- натыйжалаш, чечмелөө

15. Атам устаканадан кайтканча, Садык байкемдин катына жооп жаздым.

Төмөнкү сүйлөмдөгү баш сүйлөм ойдун эмнесин билдирди?

А)максатын Б)сын-сыпатын В)ордун Г)мезгилин

16.Багыныңкы сүйлөмдүн канча түрү бар?

А)10 Б)9 В)8 Г)5

17. Турсун эшикке чыкканда күн батып кеткен болчу.

Берилген сүйлөм кандай багыныңкы сүйлөм?

А)максат Б)сыпат В)орун Г)мезгил

18.Баш сүйлөмдөгү ойдун шартын кандай багыныңкы сүйлөм билдирет?

А) орун Б)сыпат В)шарттуу Г)мезгил

19.Бөтөн сөз кандай жолдор менен колдонулат?

А)тике сөз, кыйыр сөз Б)шарттуу сөз, сырдык сөз

В)Каратма сөз, киринди сөз Г)каратма соз, кыйыр сөз

20.Сүйлөгөн адамдын сөзү өзгөртүлбөй ошол калыбында берилсе ... деп аталат.
А)бөтөн сөз Б)кошмок сөз В)кош сөз Г)төл сөз

21. ... Бул башка бирөөнүн сөзүн эч өзгөртпөй сөзмө- сөз колдонуу же тике сөздү колдонуунун бир түрү?
А) аңгеме Б)цитата В)табышмак Г)жомок

22.Азыркы кыргыз тилинде колдонулуп жүргөн тыныш белгилерге төмөнкүлөр кирет.
А) чекит, көп чекит,суроо жана илеп белиси, үтүр,сызыкча, каша, тырмакча
Б)чекит, тырмакча, маймылча, жылдызча, сызыкча, кош чекит
В)көп чекит,суроо жана илеп белгиси,үтүр,торчо, чекит,сызыкча
Г)үтүр, чекит, жылдызча, кошуу,каша,тырмакча, кош чекит

23.-А-а-а, Айганыш балам, ал-жайын кандай//
Сүйлөмдүн аягына кайсы тыныш белги коюлат?
А) үтүр Б)чекит В)каша Г)суроо

24.Кыргыз тилиндеги талдоонун негизги 3 түрү?
А)морфологиялык, лексикалык, грамматикалык
Б)морфологиялык, Фонеткалык, синтаксистик
В) синтаксистик, лексикалык, грамматикалык
Г)фонетикалык, грамматикалык, морфологиялык

25.Сөздө канча муун, канча тыбыш, канча тамга бар экендигин аныктоочу талдоо?
А)фонетика В)синтаксистик
Б)морфологиялык Г)грамматикалык

## 2- Бөлүм. Окуп Түшүнүү ( 2 бөлүк)

Текстте берилген маалыматты түшүнүү, талдоо тыянак чыгаруу билгичтиги текшерилет.

### 2.1. Бөлүк.

Текстти оку. Текст боюнча тапшырмаларды аткар.Жооптордун ичинен бир вариантты танда.

**Биздин Ата Мекенибиз – Кыргызстан**

Ар бир адамдын туулган жери, киндик каны тамган айылы,шаары ыйык сезилет. Аны эч нерсеге алмаштыргың келбейт. Канчалаган кооз жерлерди кыдырба, ал жерлердин сулуулугуна суктанба, айланып келип өзүң туулуп-өскөн жериңдин артыкчылыгын сезесиң. Ал жердин кооз кокту–колоттору, ак мөңгүлүү тоолору, шаркырап аккан суулары, жапжашыл килем төшөлгөн жайлоолору ажайып сулуулукка бөлөнгөн өрөөндөрү, жашыл бакка оронгон шаарлары, жаркырап тийген күндүн нуру ар дайым сени өзүнө тартып турат. Ал сенин кичи Мекениң. Мекенге болгон сүйүү, сагыныч, урмат ошол өзүң төрөлүп коздугуна бөлөнүп өскөн айылыңдан, шаарыңдан

башталат. Андан Ата Журт, Мекен, Ата Мекен деген ыйык түшүнүк жаралат. Бара–бара бой жетип, акыл токтотуп, жер кыдырып, эл тааныйсың. Өзүңдүн айылыңдай, шаарыңдай жерлерде болосуң. Кыргызстан дүйнөдөгү эң кооз жер экенине ынанасың. Ал жерди байырлап туруп калган ата–бабаларыңа ыраазы болосуң. Ошондой дүйнөдөгү эң кооз, жаратылыш байлыктары мол жердин ээси, өкүлү болгонуңа сыймыктанасың. Андай жер, эл үчүн өз өмүрүңдү арнагың келет. Бүлүк салган душмандардан коргогуң келет. Менин Ата Мекеним – Кыргызстан деген түшүнүк пайда болот. Ал ар бир жарандын жүрөгүнүн түпкүрүнөн орун алат. Кыргызстан анын ар бир жаранынын ыйык мекени. Ар бир эл Ата Мекенге жөн жеринен эле ээ болуп калбайт. Ата Мекенге ээ болуш үчүн ата бабаларыбыз кылымдар бою кырчылдашкан кандуу согуштарды баштарынан кечирди.«Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» деген учкул сөздү туу тутушуп, душмандардан элин, жерин коргоп келишти.

1.Автор эмне үчүн туулган жерди «ыйык» деп мүнөздөйт?

А) Анткени ал башка жерлерден кооз

Б) Анткени ал адамдын жашоосунда руханий жактан өзгөчө орун ээлейт

В) Анткени ал мамлекет тарабынан корголот

Г) Анткени ал тарыхый эстеликтерге бай

2.Текстке ылайык, «Кичи Мекен» деген түшүнүк эмнени билдирет?

А) Мамлекеттин бир аймагын

Б) Эл аралык деңгээлдеги жерди

В) Адам төрөлүп-өскөн айылды же шаарды

Г) Жайлоолорду гана

3.Автор табият көрүнүштөрүн кеңири сүрөттөө аркылуу кайсы ойду күчөтүүнү көздөгөн?

А) Кыргызстандын климатынын өзгөчөлүгүн

Б) Мекендин ажайып кооздугун жана адамды өзүнө тарткан касиетин

В) Туризмди өнүктүрүү зарылдыгын

Г) Табият ресурстарын пайдаланууну

4.Мекенге болгон сүйүү кайсы баскычтан башталарын автор кандайча түшүндүрөт?

А) Өзү туулуп-өскөн айылдан же шаардан

Б) Тарых китептеринен

В) Мамлекеттик символдордон

Г) Аскердик кызматтан

5.Автордун ой жүгүртүүсүндө «Ата Журт», «Мекен», «Ата Мекен» түшүнүктөрүнүн ортосундагы байланыш кандай?

А) Бул түшүнүктөр бири-биринен көз каранды эмес

Б) Бул түшүнүктөр тарыхый гана түшүнүктөр

В) Бул түшүнүктөр бир гана саясий мааниге ээ

Г) Бул түшүнүктөр адамдын аң-сезиминде акырындап калыптанган ыйык баалуулуктар

6.Автор эмне себептен Кыргызстанды «дүйнөдөгү эң кооз жер» деп эсептейт?

А) Башка өлкөлөргө салыштырмалуу чоң аймакты ээлегендиктен

Б) Экономикалык өнүгүүсү жогору болгондуктан

В) Калкынын саны көп болгондуктан

Г) Жаратылыш байлыктарынын молдугу жана кооздугу үчүн

7.Текстке ылайык, Ата Мекенге болгон чыныгы мамиле кайсы иш-аракет аркылуу көрүнөт?

А) Мактануу аркылуу

Б) Чет өлкөгө кетүү аркылуу

В) Зарыл учурда аны коргоого даяр болуу аркылуу

Г) Саясий иш-чараларга катышуу аркылуу

8Автор ата-бабаларга ыраазычылыгын эмнеге байланыштуу билдирет?

А) Алар жерди байырлап, сактап калгандыгы үчүн

Б) Алар кооз шаарларды кургандыгы үчүн

В) Алар билимдүү болгондугу үчүн

Г) Алар маданиятты өнүктүргөндүгү үчүн

9.«Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» деген макал текстте кандай маанини аткарат?

А) Кооздук үчүн кошулган

Б) Автордун жеке пикирин жокко чыгаруу үчүн

В) Ата Мекенди коргоо – ыйык милдет экенин баса белгилөө үчүн

Г) Тарыхый окуяны баяндоо үчүн

10.Тексттин негизги идеясына эң ылайыктуу жыйынтык кайсы?

А) Ата Мекен – ата-бабалардан мурас болуп калган ыйык баалуулук

Б) Ар бир адам өз Мекенин сүйүүгө милдеттүү

В) Кыргызстан – табияты кооз өлкө

Г) Тарыхты билүү ар бир жарандын милдети

## 2.2. Бөлүк.

Текстти оку. Текст боюнча тапшырмаларды аткар. Жооптордун ичинен бир вариантты танда.

**Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй**

Сүймөнкул Чокморов – кыргыз элинин залакар таланттарынын бири. Союздук кинофестивалдарда эркектин ролун мыкты аткаргандыгы үчүн беш ирет байгени жеңип алгандыгы барыбызга белгилүү. Бул адам өзүнүн эрктүүлүгү, өжөөрлүгү менен башка адамдардан бир топ айырмаланып турчу. Замандаштары аны абдан таза, сүйкүмдүү, жөнөкөй адам эле деп эскеришет. Сүймөнкул ар бир күнүн эрдик менен өткөргөндү баалачу. Жашоонуушунчалык сүйчү. Ыйман, кайрымдуулук, адептүүлүк жөнүндө көп нерселерди айтчу. «Кызыл алма», «Улан», «Караш–Караш окуясы», «Ысык-Көлдүн кызгалдактары», «Жалаң эр азаматтар» жана башка көптөгөн кинотасмаларды чыгаан талант Сүймөнкулсуз элестетүү кыйын. Ар бир ойногон ролунда өзү жашап, кыйынчылыкты да, сүйүнүчтү да турмуштагыдай өзүндөй ойнор эле. Кинодогу бүтүндөй татаал нерселердин бардыгын өзү жасачу: суукта тоңуп, ысыкта күйүп, жардан түшүп, бийик зоого чыгып, сууга секирип, бийик аска боорунан нечен жолу жыгылчу. Табият мындай ырыскыны туш келди барына эле энчилей бербейт. Андай адамдар сейрек гана туулат. Жашаган өмүрү эли– журтуна арналып, ар дайым көпчүлүктүн эсинде калат. Энелер уулдарын: «Сүймөнкул абаңдай болсоң, тагдырга ыраазымын» - дешет.

1.Текстте Сүймөнкул Чокморовдун «залкар талант» деп аталышына негиз болгон башкы себеп кайсы?

А) Анын белгилүү үй-бүлөдөн чыккандыгы

Б) Союздук кинофестивалдарда бир нече ирет мыкты эркек ролу үчүн сыйлык алганы

В) Көп кинотасмаларга тартылгандыгы

Г) Замандаштары тарабынан макталгандыгы

2.Автор Сүймөнкул Чокморовдун мүнөзүн кандай сапаттар аркылуу ачып берген?

А) Катаал жана талапчыл

Б) Текебер жана өзүнө ишенбеген

В) Тынч жана уялчаак

Г) Эрктүү, өжөр, жөнөкөй жана таза адам катары

3.«Ар бир күнүн эрдик менен өткөргөндү баалачу» деген ой текстте эмнени билдирет?

А) Ал күнүмдүк жашоосун кайдыгер өткөрбөй, мазмундуу жашаган

Б) Ал согуштук темадагы тасмаларда гана роль жараткан

В) Ал дайыма коркунучтуу кырдаалдарды издеген

Г) Ал спорт менен гана машыккан

4.Сүймөнкул Чокморовдун кинодогу ролдору өзгөчө ишенимдүү чыккандыгынын негизги себеби эмнеде?

А) Ал ролдорду көп кайталап машыккандыгында

Б) Кинотасмалардын темасы татаал эместигинде

В) Бардык коркунучтуу эпизоддорду дублёрсуз, өзү аткаргандыгында

Г) Башка актёрлордон жардам алгандыгында

5.Акыркы абзацтагы ой аркылуу автор окурманга кандай жыйынтыкты сунуштайт?

А) Чыныгы талант дайыма байлык алып келет

Б) Өмүр кыска болгондуктан, аны ойлобой жашоо керек

В) Кино актёру болуу ар кимдин колунан келет

Г) Сүймөнкулдай адамдар сейрек жаралат жана эл эсинде түбөлүк калат

## 3- Бөлүм: Жазуу

Бул ЖАЗУУ тестти. Аткаруу мөөнөтү:

Тапшырманы аткаруудан мурда кырдаалды окуп чыгып, андан кийин жазуу ишин жумушчу барагына аткаргыла. Берилген темалардын ичинен бир теманы тандап алып, ошол темада текст түз. (10-15 сүйлөм менен).

1. Улуттук оюндар
2. Мекеним Кыргызстан
3. Кыргызстандын шаарлары
4. Кыргызстандын тоолору
5. Кыргызстандын кооз жерлери
6. Кыргызстандын көлдөрү
7. Кыргызстандын жаштары

___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________